| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**КАРА-СУУ АЙЫЛДЫК**<br>**АЙМАКТЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**КАРА-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ**<br>**АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ** |

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2023-жылдын 18-январы №6** **Кара-Суу айылы**

**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү жөнүндө**

Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттарын жана тартибин талкуулап, Эл депутаттарынын Кара-Суу айылдык аймактык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 25-сессиясы **токтом кылат:**

1. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлериндеги 20,5 га сугат жана 339,0 га кайракы жерлерди аукциондун негизинде ижарага 3 жылдык мөөнөт менен берилсин.
2. Жердин шартына жараша аукционго коюлган 14,5 га жердин баштапкы баасы 1500 (бир миң беш жүз) сом, 6,0 га жердин баштапкы баасы 5000 (беш миң) сомго чейин белгиленсин.
3. 339,0 га кайракы жерлердин баштапкы баасы 500 (беш жүз) сомдон бекитилсин (соц.фонд ичинде).
4. Жарандардан түшкөн арыздарды кабыл алуу жагы Кара-Суу айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы А.Жунушалиевага милдеттендирилсин.
5. Кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлеринин ижарага берүү боюнча келишим түзүү жана токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кара-Суу айыл өкмөтүнүн башчысы А.Касымбековго жүктөлсүн.

**Төрага** **Р.Биримкулов**